М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д.08.24.707 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, профессор Сыдыков Бактыбек Кадыралиевич тарабынан, изденүүчү Шатманова Айжамал Суйналиевнанын 08.00.06 – улуттук жана регионалдык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" деген темадагы диссертациялык ишине

**КОРУТУНДУ**

Шатманова Айжамал Суйналиевнанын "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" темасында жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**

Сунушталган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун теориялык жана методологиялык аспектилери каралып, Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатуунун абалы каралып жана анын көйгөйлөрү талдалып, ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор каралып, атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуунун резервдери аныкталып, уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты, 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды.

Диссертациялык иште Ош облусун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча теориялык жана практикалык сунуштар берилген жана ал 08.00.06 – улуттук жана регионалдык экономика адистигинин паспортуна ылайыктуу келет.

2. **Изилдөөнүн максаты болуп** экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана

келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

1. Экономикалык алакалашуу шартында региондун айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунун жана маанисин тактоо;
2. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролун аныктоо;
3. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун ыкмаларын Кыргызстандын практикасында колдонууну сунуштоо жана аны шартоочу факторлорду аныктоо;
4. Кыргыз Республикасынын Ош облусунда эт азыктарынын мисалында аларды өндүрүү жана сатуунун учурдагы абалын анализдөөнүн негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуунун резервдерин аныктоо;
5. Аймактык айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштеп чыгуу;
6. Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары айыл-чарба кооперациясын өркүндөтүүнү сунуштоо;
7. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштеп чыгуу.

**3. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.**

Экономикалык алакалашуу шартында экономиканын реалдуу сектору өлкөнүн жана аймактардын экономикалык өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Реалдуу сектордун негизин өнөр жай жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү түзөт, ал эми соода ишмердүүлүгү анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Айыл чарбасы калкты азык-түлүк жана өнөр жайды чийки заттар менен камсыз кылган реалдуу сектордун маанилүү тармактарынын бири болуп эсептелет. Өлкөнүн калкынын жашоо деңгээли анын айыл чарбасынын канчалык өнүккөнүнөн көз каранды. Бүгүнкү күндө айыл чарба өндүрүшүнүн экстенсивдүү мүнөзү инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгүн чектеп, айыл чарба продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жана жалпысынан тармакта өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келүүдө.

Айыл чарбасында өндүрүлгөн продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү өндүрүштүк потенциалынын бузулушуна, айыл чарба өндүрүшүнүн материалдык-техникалык абалынын төмөндөшүнө, инновациялык-инвестициялык процесстердин кечендешине, жалпы эле тармактын натыйжалуулугунун начарлашына алып келди.

Ошол эле учурда Ош облусу жагымдуу географиялык жайгашуусу, уникалдуу жаратылыш-климаттык шарттары, айыл чарба өндүрүшүнүн калыптанган көндүмдөрү жана салттары, олуттуу эмгек ресурстары жана айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө ээ, бул аймакка айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу болууга атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн артыкчылыктарын аныктайт.

Ушуга байланыштуу аймактын айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, анын деңгээлин баалоо, айыл чарбасынын төмөнкү атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн себептерин жана факторлорун аныктоо жана аны жогорулатуунун артыкчылыктуу багыттарын негиздөө боюнча илимий-практикалык изилдөөлөр өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

**4. Илимий натыйжалар**

- Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди;
- аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды;
- айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;
- эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты;

- айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды;

- аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты, экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун 2030-жылга чейинки

прогнозу сунушталды.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 15-майындагы акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы "Таширов" атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2025-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгында алынган көрсөтмөлөр «Ош облусунун 2019-2025-жылдарга карата экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиясын" түзүүдө колдонулду.

Жогорку окуу жайлардын окуу процессинде «Айыл-чарбасынын экономикасы», "Ишкердиктин экономикасы" жана "Маркетинг" предметтерин окутууда изилдөөнүн кээ бир аспектилери, о.э. илимий-изилдөө иштеринде дагы колдонсо болот.

**6. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет.

**7. Эскертүүлөр:**

1. Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатууну талдоо жана баалоодо, анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн төмөнкү деңгээлинин конкреттүү себептерин жана факторлорун аныктаса иштин натыйжалуулугу жогоруламак;

2. Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттырууда райондук деңгээлде жергиликтүү бийлик органдарынын бул жаатта иштөө механизми берилсе иштин сапаты жакшырмак.

**8. Сунуштар:**

Ош облусунун айыл чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өсүү божомолу алгач ирет изилдендигин байкоого болот. Ушундан улам бул иштин жыйынтыктары боюнча илимий макалалар дагы чыгарылып, тийиштүү жерлерге илимий записка даярдалып сунушталса аймактын айыл чарба тармагын мындан ары карай дагы өнүктүрүүгө салымын кошот.

**9. Сунуштамалар:**

Диссертант Ош облусунун айыл чарбасына инвестицияларды тартуу менен айыл чарба өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгү көйгөйлөрүн чечүүнү камсыздоо жана инфраструктура тутумун өркүндөтүү үчүн Аймактык кластердик саясаттын модели жана анын алкагында интеграцияланган

тутумду Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө илимий баяндама даярдап жөнөтүү туура жыйынтык берет.

**10. Корутунду:** Көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык баалуулугун төмөндөтпөйт, тескерисинче, тандалган изилдөө көйгөйүнүн актуалдуулугун баса белгилейт.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Шатманова Айжамал Суйналиевнанын тапшырган документтерин карап чыгып,** М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д.08.24.707 диссертациялык кеңешине Шатманова Айжамал Суйналиевнанын 08.00.06 – улуттук жана регионалдык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)” темадагы диссертациялык ишин коргоого сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**
**э.и.д, профессор** **Сыдыков Б.К.**

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, э.и.к.** **Окенова А.О.**

16.06.2025г.